**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**ПАНФИЛОВ РАЙОНУ**
**КУРАМА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КУРАМА**

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ

"28" июль 2026-жылдагы №33 — Панфилов айылы

**Панфилов айылынын Тилебалиев көчөсү №111/1 дарегинде жайгашкан үч көп батирлүү турак үйдү Курама айыл өкмөтүнүн балансына кабыл алуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34, 39-беренелерине жана Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 15-мартындагы №37 "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" мыйзамынын 19-беренесине, Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын 18-июлундагы №149 "Кыргыз Республикасынын Жер кодекси" Мыйзамынын 21-беренесине ылайык, Курама айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Панфилов айылынын Тилебалиев көчөсү №111/1 дарегинде жайгашкан үч көп батирлүү турак үй Курама айыл өкмөтүнүн балансына кабыл алынсын.
2. Курама айыл өкмөтүнө көрсөтүлгөн объекттер боюнча техникалык инвентаризация жүргүзүү, техникалык паспортторун даярдоо, муниципалдык менчик объекттеринин реестрине киргизүү жана мыйзамдарда белгиленген тартипте каттоо иштерин жүргүзүү милдеттендирилсин.
3. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана расмий жарыялоо булактарында жарыялансын.
4. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүлсүн.
5. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Курама айылдык кеңешинин туруктуу жер комиссиясына жүктөлсүн.

**Төраганын орун басары** — **Д.М.Манамкулов**